**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

20__ "___" _____________№____.

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

Бишкек ш.

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 29-июнундагы № 442 "Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын Макетин бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтомун ишке ашыруу тууралуу

Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтому менен бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартынын Макетинин жаңы редакциясына (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 29-июнундагы № 442 токтомунун редакциясында) ылайык келтирүү максатында **буйрук кылам:**

1. Жогорку жана орто кесиптик билим берүү боюнча окуу-усулдук бирикмелердин төрагалары жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн адистиктерди, бакалаврларды жана магистрлерди даярдоо багыттары боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын долбоорлорун мамлекеттик жана расмий тилдерде иштеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине бекитүүгө 2026-жылдын 4-сентябрына чейин сунуштасын.

2. Тиркелген орто кесиптик билим берүүнүн жана бакалаврларды даярдоо багыттары жана адистиктер боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары үчүн жалпы гуманитардык циклдеги милдеттүү дисциплиналардын тизмеси жана эмгек көлөмү бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

1) мамлекеттик билим берүү стандарттары бекитилгенге чейин, 2026–2027-окуу жылынан тартып Кыргыз Республикасынын Министрлер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кабинетинин 2026-жылдын 29-июнундагы № 442 токтомунун редакциясындагы Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын Макетине ылайык билим берүү программаларын ишке ашырууга өтүү максатында даярдоо багыттары жана адистиктер боюнча билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгып, бекитсин;

2) Макеттин 6-пунктунда белгиленген абитуриенттердин билим деңгээлине карата жаңыртылган талаптарды эске алсын:

орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасына:

– негизги жалпы билим берүү жөнүндө күбөлүк;

– орто жалпы билим берүү жөнүндө аттестат;

– башталгыч кесиптик билим берүү жөнүндө диплом (негизги же орто жалпы билим берүү жөнүндө документи болгон учурда);

– орто кесиптик билим берүү жөнүндө диплом;

– жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө диплом;

жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасына (бакалавр, адис):

– орто жалпы билим берүү жөнүндө аттестат;

– башталгыч кесиптик билим берүү жөнүндө диплом (орто жалпы билим берүү жөнүндө документи болгон учурда);

– орто кесиптик билим берүү жөнүндө диплом;

– жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө диплом;

жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасына (магистр, адис):

– бакалаврларды даярдоо багыты же адистиги боюнча жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө диплом;

– магистрлерди даярдоо багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө диплом;

3) тиешелүү профилдеги башталгыч кесиптик билимге, орто кесиптик же жогорку кесиптик билимге ээ болгон адамдарга мурдагы билим берүүнүн натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук берилсин;

4) тиешелүү профилдеги орто кесиптик же жогорку кесиптик билимге ээ болгон адамдарга мурдагы билим берүүнүн натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берилсин. Орто кесиптик билим берүүнүн базасында жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын күндүзгү окуу формасында тездетилген программаларды ишке ашыруунун алкагында адистик боюнча

өздөштүрүү мөөнөтү 4 жылдан кем эмес, бакалаврларды даярдоо багыты боюнча 3 жылдан кем эмес болууга тийиш;

5) магистрлерди даярдоо багыттары боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ар түрдүү эмгек көлөмүндө ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн эске алсын: Жогорку кесиптик билим берүүнүн (бакалавр) базасында – кеминде 120 (жүз жыйырма) академиялык кредит; тиешелүү бакалаврларды даярдоо багыты же адистиги боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн базасында – кеминде 90 (токсон) академиялык кредит;

6) мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн глобалдык өзгөрүүлөрдүн контекстинде улуттук артыкчылыктарды эске алуу менен билим берүү программаларын кеминде 3 (үч) жылда бир жолу жаңыртып турууну камсыз кылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 27-ноябрындагы № 1455/1, 2020-жылдын 24-февралындагы № 202/1, 2020-жылдын 26-июлундагы № 498/1, 2021-жылдын 21-сентябрындагы № 1578/1, 2022-жылдын 10-майындагы № 863/1 буйруктары күчүн жоготту деп таанылсын.

5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Кубатбек уулу Нарынбекке жүктөлсүн.

**Министр** **Г.Т. Исаматова**

**Тиркеме**

**Бакалаврларды даярдоо багыттары жана адистиктер боюнча жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары үчүн жалпы гуманитардык циклдеги милдеттүү дисциплиналардын тизмеси жана эмгек көлөмү**

| **№** | **Дисциплиналардын аталышы** | **Дисциплинанын эмгек сыйымдуулугу** | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **ЖКБ программалары үчүн** | | **ОКБ программалары үчүн** | |
| | | **академиялык кредиттер** | **сааттар** | **академиялык кредиттер** | **сааттар** |
| 1. | Кесиптик кыргыз тили | 6 | 180 | 4 | 120 |
| 2. | Кесиптик орус тили | 4 | 120 | 2 | 60 |
| 3. | Кесиптик чет тили | 4 | 120 | 2 | 60 |
| 4. | Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы | 3 | 90 | 2 | 60 |
| 5. | Манастаануу | 2 | 60 | 2 | 60 |
| 6. | Философия жана логика | 4 | 120 | – | – |
| 7. | Кыргызстандын географиясы: жаратылыш, коом, экономика | 3 | 90 | 2 | 60 |
| 8. | Логика | – | – | 2 | 60 |
| | **Жыйынтыгы:** | **26** | **780** | **16** | **480** |

Эскертүүлөр:

1) Жалпы гуманитардык циклдеги дисциплиналар багыттын/адистиктин профилине ылайык окутуунун натыйжаларын калыптандырууну камсыз кылууга тийиш.

2) «Философия жана логика», «Логика» дисциплиналарын окууда жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдары жумшак көндүмдөрдү (критикалык ой жүгүртүү, аргументация көндүмдөрү, коммуникация, дискуссия жүргүзүү, көйгөйлөрдү чечүү, негиздүү чечимдерди кабыл алуу, командалык иш) жана социалдык-эмоционалдык интеллектти (эмоцияларды жөнгө салуу, эмпатия, стресске туруктуулук) өнүктүрүүгө багытталган модулдарды караштырсын.

3) «Кесиптик кыргыз тили» дисциплинасын окуунун жыйынтыгы боюнча окуунун акыркы жылында жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация өткөрүлөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Исаматова Г.Т.

4) Өзгөчө статуска ээ болгон мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү уюмдары жана эксперименттик мамлекеттик билим берүү стандарттарын ишке ашырган жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдары тиркемеде көрсөтүлгөн жалпы гуманитардык циклдеги дисциплиналардын эмгек көлөмүн өз алдынча аныктоого укуктуу.

**О реализации постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «О внесении изменения в постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Макета государственного образовательного стандарта начального, среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики от 8 июля 2024 года № 371» от 29 июня 2026 года № 442**

В целях приведения государственных образовательных стандартов среднего и высшего профессионального образования в соответствие с новой редакцией Макета государственного образовательного стандарта начального, среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 8 июля 2024 года № 371 (в редакции постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики от 29 июня 2026 года № 442), **приказываю**:

1. Председателям учебно-методических объединений высшего и среднего профессионального образования представить проекты государственных образовательных стандартов по направлениям подготовки бакалавров, магистров и по специальностям высшего и среднего профессионального образования на государственном и официальном языках на утверждение в Министерство науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики до 4 сентября 2026 года.

2. Утвердить прилагаемый Перечень и трудоемкость обязательных дисциплин общегуманитарного цикла для образовательных программ среднего профессионального образования и высшего профессионального образования по направлениям подготовки бакалавров и по специальностям.

3. Руководителем образовательных организаций среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики, независимо от форм собственности и ведомственной подчиненности:

1) до утверждения государственных образовательных стандартов самостоятельно разработать и утвердить образовательные программы по направлениям подготовки и специальностям в целях перехода с 2026-2027 учебного года к реализации образовательных программ в соответствии с

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Исаматова Г.Т.

Макетом государственного образовательного стандарта начального, среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики в редакции постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики от 29 июня 2026 года № 442;

2) учитывать обновленные требования к уровню образования абитуриентов, установленные пунктом 6 Макета:

на образовательную программу среднего профессионального образования:

– свидетельство об основном общем образовании;

– аттестат о среднем общем образовании;

– диплом о начальном профессиональном образовании (при наличии документа об основном или среднем общем образовании);

– диплом о среднем профессиональном образовании;

– диплом о высшем профессиональном образовании;

на образовательную программу высшего профессионального образования (бакалавр, специалист):

– аттестат о среднем общем образовании;

– диплом о начальном профессиональном образовании (при наличии документа о среднем общем образовании);

– диплом о среднем профессиональном образовании;

– диплом о высшем профессиональном образовании;

на образовательную программу высшего профессионального образования (магистр, специалист):

– диплом о высшем профессиональном образовании по направлению подготовки бакалавра или специальности;

– диплом о высшем профессиональном образовании по направлению подготовки магистра;

3) предоставлять право на освоение образовательной программы среднего профессионального образования по ускоренным программам лицам, имеющим начальное профессиональное образование соответствующего профиля, среднее профессиональное или высшее профессиональное образование с учетом признания результатов предшествующего образования;

4) предоставлять право на освоение образовательной программы высшего профессионального образования по ускоренным программам лицам, имеющим среднее профессиональное образование соответствующего профиля или высшее профессиональное образование с учетом признания результатов предшествующего образования. Срок освоения образовательной программы высшего профессионального образования на базе среднего профессионального образования по очной форме обучения в рамках реализации ускоренных программ по специальности составляет не менее 4 лет, по направлению подготовки бакалавр – не менее 3 лет;

5) учитывать возможность реализации образовательных программ высшего профессионального образования по направлениям

подготовки магистров разной трудоемкости: не менее 120 (сто двадцать) академических кредитов на базе ВПО (бакалавр); не менее 90 (девяносто) академических кредитов на базе ВПО по соответствующему направлению подготовки бакалавра или специалиста;

6) обеспечить обновление образовательных программ с учетом национальных приоритетов в контексте глобальных изменений для обеспечения устойчивого развития государства не реже одного раза в 3 (три) года.

4. Признать утратившими силу приказы МОН КР № 1455/1 от 27 ноября 2017 года, № 202/1 от 24 февраля 2020 года, № 498/1 от 26 июля 2020 года, № 1578/1 от 21 сентября 2021 года, № 863/1 от 10 мая 2022 года.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Кубатбек уулу Нарынбека.

**Министр** **Г.Т. Исаматова**

Приложение

**Перечень и трудоемкость**
**обязательных дисциплин общегуманитарного цикла**
**для образовательных программ среднего профессионального образования и высшего профессионального образования по направлениям подготовки бакалавров и по специальностям**

| № | Наименование дисциплин | Трудоемкость дисциплин | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **для образовательных программ ВПО** | | **для образовательных программ СПО** | |
| | | в академических кредитах | в часах | в академических кредитах | в часах |
| 1. | Профессиональный кыргызский язык | 6 | 180 | 4 | 120 |
| 2. | Профессиональный русский язык | 4 | 120 | 2 | 60 |
| 3. | Профессиональный иностранный язык | 4 | 120 | 2 | 60 |
| 4. | История Кыргызской государственности | 3 | 90 | 2 | 60 |
| 5. | Манасоведение | 2 | 60 | 2 | 60 |
| 6. | Философия и логика | 4 | 120 | - | - |
| 7. | География Кыргызстана: природа, общество, экономика | 3 | 90 | 2 | 60 |
| 8. | Логика | - | - | 2 | 60 |
| | **Итого:** | **26** | **780** | **16** | **480** |

Примечания:

1) Общегуманитарный цикл дисциплин должен обеспечить формирование результатов обучения в соответствии с профилем направления/специальности.

2) При изучении дисциплин «Философия и логика», «Логика» образовательным организациям высшего и среднего профессионального образования предусмотреть модули, направленные на развитие мягких навыков (критическое мышление, навыки аргументации, коммуникация, ведение дискуссии, решение проблем, принятие обоснованных решений, командная работа) и социально-эмоциональный интеллект (эмоциональная регуляция, эмпатия, стрессоустойчивость).

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3) По итогам изучения дисциплины «Профессиональный кыргызский язык» проводится итоговая государственная аттестация на последнем году обучения.

4) Государственные образовательные организации высшего профессионального образования, обладающие особым статусом, и образовательные организации высшего и среднего профессионального образования, реализующие экспериментальные образовательные стандарты, вправе самостоятельно определять **трудоемкость дисциплин** общегуманитарного цикла, указанных в приложении.



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Исаматова Г.Т.